***Исманалиева Жылдыз Абдимиталиповна,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***аспирант,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

## КРЕДИТТИК СИСТЕМАНЫН МАҢЫЗЫ

***Исманалиева Жылдыз Абдимиталиповна,***
***аспирант,***
***Кыргызкая академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

## СУТЬ КРЕДИТНОЙ СИСТЕМЫ

***Ismanalieva Zhyldyz Abdimitalipovna,***
***Graduate student,***
***Kyrgyz Academy Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

## ESSENCE OF THE CREDIT SYSTEM

***Аннотация:*** *Макалада болочок кадрлардын кесиптик компетенттүүлүгүнө коомдогу ааламдашуу жана маалыматташуу процесстеринин таасирин, эл аралык эмгек рыногундагы адистердин даярдыктарына коюлган заманбап талаптар жана жогорку кесиптик билим берүүнүн учурдагы абалын талдоого, ошондой эле окутуу моделдеринин артыкчылыктары менен кемчилдиктерин аныктоого, кредиттик системага өтүүдөгү түзүлгөн кырдаалды жеңилдетүү боюнча эффективдүү сунуштарды кароого арналат.*

***Аннотация:*** *Данная статья посвящена анализу влияния процессов глобализации и информатизации общества к профессиональной компетентности будущих кадров, современных требований международного рынка труда к подготовке специалистов и состояния высшего профессионального образования, а также выявлению преимуществ и недостатков моделей обучения, предлагаются эффективные рекомендации по облегчению сложившейся ситуации в процессе перехода к кредитной системе обучения.*

***Annotation****: This article is devoted to the analysis of the impact of the processes of globalization and informatization of society on the professional competence of future personnel, the modern requirements of the world labor market for the training of specialists and the state of higher professional education, as well as identifying the advantages and disadvantages of training models, offers effective recommendations to alleviate the current situation in the process of transition to credit training system.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *окутуунун кредиттик системасы, окутуунун академиялык модели, эл аралык эмгек рыногу, болочок кадрдын кесиптик компетенттүүлүгү, эл аралык эмгек рыногунун талаптары, окутуунун академиялык моделинин артыкчылыктары жана кемчилдиктери, окутуунун кредиттик системасынын артыкчылыктары жана кемчилдиктери.*

***Ключевые слова:*** *кредитная система обучения, академическая модель обучения, международный рынок труда, требования международного рынка труда, преимущества и недостатки академической модели обучения, преимущества и недостатки кредитной системы обучения.*

***Key words****: credit training system, academic training model, international labor market, requirements of the international labor market, advantages and disadvantages of the academic training model, advantages and disadvantages of the credit training system.*

**Киришүү.** Ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө жарандардан социалдык жоопкерчилик, өз алдынчалык, өз убагында туура чечим кабыл алууга ыкчамдык, демократиялык пикирлешүүгө, социалдык жигердүү аракетке даярдык, өз укуктарын коргоо, бөтөн укуктарды таануу, жаңы шартка тез көнүп кетүү, кесиптик компетенттүүлүк, ийкемдүүлүк, чыгармачылык, чечкиндүүлүк сыяктуу сапаттар талап кылынып жатат.

Ошондуктан кесиптик окуу жайларда жогоруда белгиленген инсандык касиеттерди жана кесиптик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган системаны түптөө маселеси коюлууда.

Бул маселенин актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын “Кыргызстанда билим берүүнү өнүктүрүүнүн мамлекеттик доктринасы” [1], Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы [3], Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы [4] ж.б. мыйзам актыларында белгиленген. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мамлекеттик доктринасында мамлекет Кыргызстандын билим берүү системасын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялоо процессинде өркүндөтүү милдетин алат. Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялануу реформалоонун негизги багыттарынын бири болуп эсептелет.

Учурда эмгек рыногу кадрдын квалификациялык деңгээлине жаңы талаптарды коюуда. Ошондуктан кесиптик билим берүү системасы теориялык билимдерди эле эмес, биринчи кезекте бул же тигил ишканада зарыл болгон практикалык көндүмдөрдү калыптандырууну, жогорку технологиялык өндүрүштө эффективдүү иштөөгө жөндөмдүү кадрларды даярдоону көздөшү керек.

Заманбап өндүрүштүн жана бизнестин талабы – кесиптик окуу жайларды кадрларды практикалык ишмердүүлүккө даярдоого, алган билимди реалдуу турмуштан алыстатпоого багыттоо.

Ошондуктан кесиптик окуу жайдын максаты – эмгек рыногундагы суроо-талапка жооп берген кесипкөйдү даярдоо.

Жогоруда белгиленген инсандык сапаттарды жана кесипкөйлүктү калыптандыруу окутуунун эффективдүү моделин, методдорун, формаларын жана каражаттарын пайдаланууну талап кылат. Мында окуу процессинде аң-сезимдүү эки субъект катышарын эске алуу зарыл. Окутуучунун иши – окутуунун мазмунун, методдорун, формаларын жана каражаттарын иштеп чыгып, студенттин өз алдынча иштеши үчүн кеңири педагогикалык шарт түзүп берүү. Ал эми студенттин иши – болочоктогу кесиптик ишмердүүлүккө зарыл болгон билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү.

**Изилдөөнүн максаты.** Кредиттик системага өтүүдөгү мүчүлүштүктөрдү аныктоо жана аларды четтетүү үчүн методологиялык сунуштарды белгилөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргызстандагы кредиттик системага өткөн окуу жайлардын абалын анализдөө жана жетишпестиктерди белгилөө.

2. Белгиленген мүчүлүштүктөрдү четтетүү жолдорун аныктоо жана рекомендацияларды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору:**

1. Адабияттарды, документтерди анализдөө жана жалпылоо.

2. Себеп-натыйжа методу.

А.М. Новиков белгилегендей, ата мекендик жалпы билим берүүчү жана кесиптик окуу жайлар “билимдүү” деп аталган, гностикалык позицияда болуп келген. Тактап айтканда, окуучуларда жана студенттерде системалаштырылган бекем билимди калыптандыруу негизги маселе болуп эсептелген. Ал эми билгичтик жана көндүм билимге караганда экинчи орунда болуп келген. Азыр акцент гностикалык мамиледен ишмердүүлүк мамилеге өзгөрүүдө. Башкача айтканда, билим берүүнүн негизги максаты активдүү ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүктү, эмгектин бардык формаларында иштей билүүнү, анын ичинде чыгармачылык эмгекти калыптандыруу болуп эсептелет [7].

В.С. Леднёв белгилегендей, жогорку кесиптик билим берүүнүн милдети – жетишерлик оор маселелерди чечүүгө жөндөмдүү эле эмес, ошондой эле проблемаларды белгилеп, алардын принципиалдуу

жаңы чечимдерин чыгармачылык менен таба билген жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо [5].

Билим берүүнүн кредиттик системасы жана аны ишке ашыруу жөнүндөгү маселе Орусиянын артынан эле постсоветтик мейкиндиктеги жумурияттардын бардыгында коюлду. Казакстан Республикасында билим берүүнүн кредиттик системасын Борбордук азия аймагында кадрлардын квалификацияларын жогорулатуу жана кайра даярдоо системасына кийирүү боюнча көп иштер жасалды. Ал эми Кыргыз Республикасында билим берүүнүн кредиттик системасынын абалын жана перспективасын Айдаралиев А.А., Сорокин А.А., Абдрахманов Д.А., Наркозуев А.К. [8], Добаев К.Д. [2] ж.б. окумуштуулар изилдешет. Кредиттик системанын артыкчылыктарын Тажикистандын окумуштуулары Шукурзод Т.А., Шоев Н.Н., Сангинов Н.С., Маджидов Х., Мирзоев Р., Рахимов Ф.К., Хабибов С.Х., Салимов Н.С.[10] ж.б. изилдеп келишет.

Аталган окумуштуулардын изилдөөлөрү негизинен кредиттик системаны жергиликтүү кесиптик окуу жайларга киргизүүнүн технологиялык шарттарына арналган. Ал эми окутуунун методикасын (мазмуну, методдору, формалары, каражаттары) кредиттик системага толук дал келтирүү маселеси каралган эмес. Мындан сырткары, окутуунун мазмунун эмгек рыногундагы бул же тигил адистикке коюлган талаптарга ылайыктоо жагы да өз деңгээлинде изилденген эмес.

Ошентип, кесиптик билим берүүнүн башкы максаты болуп, тиешелүү деңгээлдеги жана профилдеги квалификациялуу, эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, компетенттүү, жоопкерчиликтүү, өз кесибин жакшы билген, ишмердүүлүктүн жандаш чөйрөлөрүндө эркин ориентация ала алган, өз адистиги боюнча дүйнөлүк стандарт деңгээлинде эффективдүү иштөөгө жөндөмдүү, кесиптик жактан туруктуу өсүүгө, социалдык жана кесиптик мобилдүүлүккө даяр кадрды даярдоо эсептелет.

Белгилүү болгондой, Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү тармагы кредиттик системага өткөрүлдү. Бирок жогорку кесиптик билим берүүнүн сапаты дүйнөлүк тенденцияларга жана талаптарга толук жооп бербейт. Ага чечилбей келе жаткан көптөгөн көйгөйлөр далил боло алат: жашоонун өзгөрүп турган шарттарына каалагандай курактагы адамдын кесиптик, социалдык, инсандык жактан көнүп кетишине түрткү боло турган, толук баалуу үзгүлтүксүз билим берүүнүн жоктугу; билим берүүдөгү инновация ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн аныктоого, аларды өздөштүрүү ыкмаларын иштеп чыгууга эмес, негизинен формаларды өзгөртүүгө багытталган; Кыргызстандын кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү абдан эле төмөн.

Логика боюнча кесиптик билим берүү тармагы академиялык моделден кредиттик моделге өтсө, анда натыйжа бир кыйла жогору болмок, жогоруда көрсөтүлгөн проблемалар пайда болбойт эле.

Эгемендүүлүк жылдарында жогорку окуу жайларды бүтүргөн адистердин басымдуу көпчүлүгү өз адистиги боюнча иштешпейт. Бир эле Кыргызстандын ичинде эле эмес, Россиядагы, Казакстандагы, Түркиядагы, Түштүк Кореядагы мигранттардын да басымдуу көпчүлүгү башка адистиктер боюнча эмгектенишет. Демек, биздин ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү эмгек рыногундагы атаандаштыкка жөндөмдүү эмес. Бул Кыргызстандын ЖОЖдору атаандаштыкка жөндөмдүү кадрларды даярдай албайт дегенди түшүндүрөт.

Мындай абалдын себептери эмнеде?

1. Адистиктердин мазмуну эмгек рыногундагы суроо-талаптарга жана сунуштарга дал келбейт. Анткени, эмгек базарындагы абал изилденбейт. Кайсы адистиктерге суроо-талап күчтүү болуп жаткандыгы, кесиптик ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрү эске алынбайт. Мисалы, санариптештирүүнүн натыйжасында көптөгөн адистиктердин ишмердүүлүктөрү мазмундук жактан өзгөрдү. Мындан сырткары, эмгек базарындагы учурдагы тенденциялар эске алынбайт. Алсак, 2030-жылга карата 60ка жакын кесиптер жана адистиктер жок болот. Алардын арасында бухгалтер-экономист, троллейбустун айдоочу, сатуучу, айрым

медициналык адистиктер ж.б. суроо-талапка ээ болбой калат.

2. Кесиптик окуу жайлардын окутуучуларынын кредиттик системада иштөөгө даяр эместиги. Аларды жаңы моделде эмгектенүүгө даярдоочу системанын чаржайыттыгы, системсиздиги, плансыздыгы, көзөмөлсүздүгү, натыйжасыздыгы, мониторинг жүргүзүлбөгөндүгү. Чет өлкөлүк университеттердин кредиттик системада иштөө тажрыйбаларын билбегендик. Окутуучулардын педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү бюрократиялык тоскоолдуктардын басымдуулугу.

3. Кесиптик окуу жайлардын эмгек рыногундагы, билим берүү жайларындагы абалга карата чечим кабыл алуу эркиндигинин мамлекет тарабынан кескин чектелгендиги, мамлекеттик органдардын окуу жайлардын ички ишмердүүлүгүнө кийлигишүү даражасынын жогорулугу.

4. Кесиптик билим берүү жайларындагы эффективдүүлүк, атаандаштык, тобокелге баруу, чечим кабыл алуу принциптеринин окуу жайлар тарабынан да, мамлекеттик органдар тарабынан да сакталбагандыгы.

5. Кредиттик системада иштеп жаткан окуу жайлардын материалдык-технологиялык, кадрдык, илимий-технологиялык, финансылык жана мотивациялык камсыздалышынын системага салынбагандыгы. Мындагы ачык-айкындыктын төмөндүгү.

6. Студенттердин кредиттик системада инсандык жана кесиптик калыптанууга даяр эместиги. Аларды атайын даярдоо ишинин орун албагандыгы. Же мектепте, же ЖОЖдо даярдоо иштеринин жүргүзүлбөгөндүгү.

7. Окутуучулардын айлык акыларынын кредиттик системанын талаптарына ылайык негизделбегендиги. Теңдемечиликтин өкүм сүрүп келе жатышы. Бул жерде реформа керектигине ынанбагандык.

8. Кредиттик системаны толук кандуу кийирүү керек. Ага формалдуу мамиле кылбоо зарыл. Бул моделге мүнөздүү, анын табиятына шайкеш келген инновациялык методдорду (модулдук окутуу, интерактивдик методдор, долбоордук метод, ишмердүүлүк мамиле, компетенттүүлүк мамиле ж.б.) колдонууга бет алуу абзел. Кыскасын айтканда, "велосипед" ойлоп табуунун зарылдыгы жок. Тек гана, аны Кыргызстандын жашоосуна ылайыкташтырып, адаптациялап, өркүндөтүп, пайдалануу керек. Академиялык моделге таандык лекцияларды, теориялык семинарларды кескин четтетүү максатка ылайыктуу болот. Окутуучуларга чыгармачылык менен иштөөгө шарт түзүү керек. Алардын өздөрүнүн үстүнөн иштөөсүнө мотивация берүү зарыл.

9. Адистерди даярдоонун кредиттик технологиялары, алардын академиялык методикага караганда артыкчылыктары жөнүндө коомчулукка кеңири маалымат берүү жагын колго алуу. Мектеп бүтүрүүчүлөрү үчүн бир кыйла жардам болмок.

А.К. Наркозиев белгилегендей, педагогикалык коомчулуктун кредиттик технологияга көз карашы жана мамилеси бир кыйла өзгөрдү. Мындан 15-20 жыл мурда чечимдер административдик ыкма менен кабыл алынган болсо, азыр коомчулуктун өкүлдөрүнүн, кардарлардын, жумушчу орун берүүчүлөрдүн катышуусундагы талкуулоолордун негизинде системанын эффективдүүлүгүн жогорулатуучу чечимдерди кабыл алууга болот. Илимий негизделген, эксперименталдык жактан текшерилген технологияларды практикага киргизүү адистерди даярдоодо зарыл прогресстин булагы болмок [9].

**Жыйынтык.** Жыйынтыктап айтканда, кесиптик окуу жайлардын учурдагы абалын терең изилдеп, тиешелүү чечимдерди кабыл алуу керек. Болочок адистерди даярдоонун эффективдүү формаларын, методдорун жана каражаттарын иштеп чыгып, кредиттик системанын натыйжалуулугун жогорулатуу камын көрүү керек. Мүмкүн, айрым мыйзам актыларына тийиштүү өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду кийирүү зарыл болот.

**Адабияттар:**

1. Государственная доктрина образования в Кыргызской Республике. Указ президента КР от 27 августа 2000 года № 244.
2. Добаев К.Д. Компетентностный подход в высшем образовании и его особенности. // Вестник ИСИТО. – 2 (11) 2008. – С. 33-37.

3. Добаев К.Д. О глобальных трендах меняющих образование. // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2018. №2(45). – С. 37-43.
4. Европейская система переводов и накопления кредитов и приложение к диплому. www.bolognakg.net
5. Закон Кыргызской Республики об образовании. г. Бишкек. 30 апреля 2003 года № 92.
6. Концепция развития образования в Кыргызской Республике до 2010 года. Постановление правительства КР от 29 апреля 2002 года № 259.
7. Леднев В.С. Содержание образования: сущность, структура, перспективы / В.С. Леднев. 2 е изд., перераб. - М.: Высш. шк., 1991. -360с.
8. Миронов В. Болонский процесс и национальная система обучения/ В. Миронов // Almamater . - 2006. - № 6. - С. 3-8.
9. Наркозиев А.К. Опыт освоения кредитной образовательной технологии в международном университете Кыргызстана. // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2010. №4 (12). – С. 264-266.
10. Новиков А.М. "Постиндустриальное образование". - М.: Эгвес, 2008. - 136с.
11. Сангинова Д. Н. Теоретические основы и тенденции развития кредитной системы обучения в Республике Таджикистан: автореф. диссерт. ... кандид. пед. наук. 13.00.01 – 2015. – 20 с
12. Система ECTS и признание диплома / В.П. Тихомиров, Ю.Б. Рубин, В.А. Самойлов, К.К. Шевченко // Интернет: Сайт Регионального ресурсного центра информатизации обучения в Удмуртской Республике.

***Рецензиялаган:***
***Добаев К.Д.***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***